# КЫЗЫКТУУ ЖОМОКТОР



УДК 521.51-93
ББК 84 Ки 7-4
К 97

К 97 Кызыктуу жомоктор - Б.: «Буканс», 2019. - 48 б.

ISBN 978-9967-9126-7-0

Бул китеп атайын өспүрүм балдар үчүн жазылды. Тээ илгертен өспүрүм балдар жомок угуп чоңойгон. Жомокко кызыккан балага жомок айтып берүү ата менен эненин милдети. Демек жомок угуп, окуп чоңойгон бала чыгармачылыкка жакын болот. Балага жомок айтып берип кам көрүү керек экенин эсиңиздерге салабыз.

К 4803300100-19

УДК 521.51-93
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-9126-7-0

© ОсОО «Буканс» басма үйү, 2019

# АККУУЛАР МЕНЕН ДОС БОЛГОН БАЛА

Илгери-илгери өткөн заманда абышка менен кемпирдин жалгыз баласы болуптур. Бала кичинекей болгон үчүн үйдөн алыс кетпей эки күчүгү менен ойноп жүрчү. Абышка менен кемпир тоонун арасында мал багып өз күндөрүн өткөрүп жүрүшчү экен. Бир күнү абышка тоонун баш жагында кой кайтарып жүрүп, асмандан жалгыз бүркүттүн учуп жүргөнүн көрөт да, шашып койлорун үйүн көздөй айдап жөнөйт. Абышка үйүнө жакындап калган кезде бүркүт эшиктин алдында ойноп олтурган кичинекей баласын тырмагы менен илип кеткенин көрүп алдыны көздөй чуркайт.

Бала ыйлаганда үйдөн апасы чуркап чыга калат. Бирок бүркүттөн баласын ажыратып кала албай, бүркүт баланы алып учуп кеткен жакты көздөй



КАРА-КӨЛ ШААРДЫК КИТЕПКАНАСЫ ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № б/н

чуркап жөнөйт. Бүркүт асманга бийик көтөрүлүп, тоонун башындагы уясын көздөй кеткенин абышка да, кемпир да көрүп эч нерсе кыла албай ыйлаган бойдон калып калышат. Бала болсо эч нерсеге түшүнбөй асманда учуп бара жатканын гана билип, коркуп ыйлайт. Бирок бүркүт баланын ыйлаганына карабайт.

Бүркүт баланы уясына алып келип таштайт да, кайра каякадыр учуп кетет. Бала, бүркүт учуп кеткенден кийин уянын түбүнө барып, чоң таштын



артына жашынып жатып алат. Аңгыча кеч кирет. Күн батканы калган кезде бүркүт уясына кайра учуп келип баланы таппайт, издеп уянын түп жагын карайын деп мойнун созуп караганда, бала таш менен бүркүттү башка чаап жиберет. Башына катуу тийген таштан бүркүт эси ооп жыгылып калганда, бала колуна баштагыдан да чоң ташты алып, бүркүттү башка дагы чабат. Бүркүт эсин жоготуп, сулк жатып калганда, бала аны уясынан жерге кулатып жиберет. Бүркүт бийик жерден жерге учуп түшкөндө, канаты сынып, көзү көрбөй, уча албай жатып калганда, курсагы ачкан түлкү шимшилеп жүрүп, ээси ооп жаткан бүркүттү көрүп, аны жеп, курсагы тойгондо ал жерден кетип калат.

Бала таң атканга чейин эч кыймылдабай бүркүттүн уясында жатат да, эртеси ойгонуп, алыста учуп бара жаткан аккууларга кайрылат.

- Ээй, аккуулар, мага жардам бергилечи, мен да силерге жардам берем! - дейт. Баланын үнүн уккан аккуулар учуп келип балага кайрылышат:

- Эй, бала, сен бул жакка кантип келип калдың? - деп. Бала, бүркүт уурдап келгенин айтат да, анан атасы менен апасы күтүп жатканын айтып, үйүнө жеткизип коюуну суранат. Аккулар таң калып:

- Анан бүркүт кайда? - деп сурашат. Бала ылдый жакты көргөзүп:

- Мен аны таш менен башка уруп, анан бул жерден ылдый кулатып жибердим - деп, болгон окуяны төкпөй - чачпай айтып берет. Аккуулар баланын эрдигине таң калып:

- Сен абдан баатыр бала турбайсыңбы. Биз ал бүркүттөн коркуп келе жатканбыз. Ал бүркүт бизге

дагы кол салып, бир досубузду кармап жеп салган. Эми биз бул жакта эркин учуп жүрсөк болот турбайбы - деп, баланын эрдигин баалап, аны үстүнө кондуруп алышып учуп келе жатышса, баланын атасы менен апасы ылдый жакта баланы издеп келе жатканын көрүшүп, ылдыйлап учуп баланы атасы менен апасына алып келип беришет. Бала апасы менен атасынын мойнунан кучактап, ыйлап жиберет. Абышка менен кемпир баласын кучактап алып



алар да ыйлашат. Анан бала кантип аман калганын айтып берип, атасы менен апасынын баштыгындагы нандан аккууларга берет. Аккуулар нанды маашырлана жеп, нандын даамдуу экенин айтышат да, абышка менен кемпирге баланы тапшырып коюшуп, кайра асманга учуп кетишет.

Абышка менен кемпир баласы табылганына сүйүнүп, кайра артка кайрылып баланы үйүнө алып келип, курсагын тойгузуп, уктатып коюшат. Бала үйдө уктап жатканда асмандан дагы бир бүркүт учуп келет. Ал бүркүт берки бүркүттүн досу болуучу. Баладан досун сураганы учуп келе жаткан болот. Бирок ал үйгө жакын учуп келип калганда абышка аны мылтык менен атып жиберет. Бүркүттүн канатына ок тийип, ал жерден бир канаты менен араң учуп кетет. Ошондон кийин бүркүт абышка менен кемпир жашаган жакка келбей калат. Ал эми бала аккуулар менен дос болуп, аларга жем чачып, качан кыш келе жатканда аларды жылуу жакка узатып, жаз келгенде тозуп алып жүрөт.

Бир күнү мергенчилер бир аккууну атып, жарадар кылып салган болушат. Жарадар болгон аккуу кеч кирип калган кезде, балага эптеп келип жардам сурайт. Бала аккууга жардам берип, окту денесинен алып чыгып, дары сүйкөп таңып коёт. Аккуу тез эле айыгып, досторуна кошулуп учуп кетет. Ошондон кийин бала менен аккуулар абдан жакшы, жакын достордон болуп калышкан экен.

# ЖЕЗ КЕМПИРДИН КҮЗГҮСҮ

Илгери-илгери чытырман токойдун арасында бир жез кемпир жалгыз жашап турган экен. Ал жез кемпирдин мурду узун, чачы сапсыйган, кийими кир, тырмагы өсүп, эч иш кылбай эле уктап жатып күн өткөрүп жүргөн болот.

Бир күнү абышка менен кемпирдин жалгыз кызы токойдо козу карын терип жүрүп, адашып кетет да, кеч кирип калган кезде жез кемпирдин үйүнө келип калат. Жез кемпир кызды көрүп сүйүнүп кетет да, алдынан тозуп чыгат. Кыз алгач жез кемпирди көргөндө коркуп кетип, өзүн араң кармап, андан жолду сурайт:

- Энеке, энеке, мен адашып кеттим, жолго кантип чыкса болот? - деп. Жез кемпир кызды чочутуп албас үчүн:

- Азыр караңгы кирип кетти, менин үйүмө эле жатып ал.

Кыз бул сунушка аргасыз макул болуп, жанына жакын басып келет. Жез кемпир жакын келген кызды колунан бекем кармап, анан анын асынган баштыгын колунан тартып алат да, баштыктагы нанды көрүп сүйүнүп кетет. Анткени анын курсагы абдан ачкан болучу. Жез кемпир кир колу менен эле нанды кармап, алеки саатта эле жеп салат. Кыз жез кемпирдин бул жоругуна абдан таң калып калат. Анткени анын такыр жуунбаганын анан чачын тарабай саксайып жүргөнү аз келгенсип, тамак көрө элек немедей сугалактанганына кыз оозун ачып эле



бир орундан жылбай турат. Бирок кыз дароо ойлоно калат да, анан жезкемпирди алдаганга өтөт:

- Энеке, мен азыр бул козу карындар менен сизге тамак жасап берейин, сиз тамак бышканга чейин жатып уктай туруңуз, - дейт.

Жез кемпир бул сунушка макул болуп, кыз айткан тилди алып уктап калат. Кыз козу карындан

тамак жасап, ара чолодо жез кемпирдин үйүн жыйнап, идиштерин жууганга жетишет. Тамак бышкан кезде кыз тамакты столдун үстүнө даярдап коюп, абдан чарчагандыктан өзү да уктап калат.



Эртең менен уйкудан ойгонгон жез кемпир жыйналган үйүнүн ичин көрүп таң калып калат да, кызга ыраазы болуп уктап жаткан кызды ойготот. Кыз сыртка чыгып жуунуп келип тасмалга олтурганы жатып, жез кемпирге айтат:

- Энеке, сиз колуңузду жууңуз, менде самын бар, - деп жез кемпирди жуунганга мажбур кылат. Жез кемпир колун жууп келип тамак ичип курсагын тойгузган соң, кыз өзүнүн тарагы менен жез кемпирдин чачын тарап берет. Жез кемпир, кыздын бул ишине ыраазы болуп, кызга сыйкырдуу күзгү берет. Күзгүдөн бүт ааламды көрсө болот болучу. Жез кемпирдин бул белегине ыраазы болгон кыз, эми ага анын үйүндөгү кездемеден жаңы көйнөк тигет да, жез кемпирге көргөзөт. Жез кемпир көйнөктү көрүп кийгенге шашылат. Кыз көйнөктү бербей:

- Сиз алгач жуунуңуз, анан көйнөктү кийиңиз. Антпесеңиз көйнөк кайра эле булганып калбайбы - деп, жез кемпирди жуундуруп жаңы көйнөктү кийгизет. Жез кемпир жаңы көйнөк кийгенине абдан сүйүнүп, кызга ыраазы болот. Билинбей арадан эки күн өткөндө кызды өзү ээрчитип келип жолго салып коёт. Кыз жол менен үйүнө келсе, апасы менен атасы ыйлап олтурган болот. “Кызыбызды эми кайдан табабыз?” деп.

Качан кызы келгенин көргөндө экөө тең сүйүнүп кетишет. Кыз курсагын тойгузган соң уктап калат да, анан уйкудан ойгонгондо атасы менен апасына болгон ишти айтып берет. Апасы менен атасы кызынын көргөн күнүн угуп олтурганда хандын жигиттери келет да:

- Хандын кызы жоголду, ким таап берсе аттын ба-

шындай алтынга ээ болот - деп, хандын жарлыгын айтып кетишет. Кыз бул сөздү укканда ички үйгө кирет да күзгүнү карайт. Карап олтуруп күзгүдөн хандын кызын алп каракуш уурдап кеткенин көрөт да атасына айтат:

- Ата, ханга барып айтыңыз, анын кызын алп кара куш уурдап кетиптир. Азыр хандын кызы чоң тоонун башында үшүп турат - дейт.

Абышка кызынын тилин угуп, ханга шашып келет да, кызы жөнүндө маалыматты берет. Хан абышканын айткан сөзүн угуп, жигиттерине кошуп жети мергенчини тоонун башына жиберет. Жети мергенчи жети жактан жашынып келип алгач алп каракушту атып өлтүрүшөт да, анан кызды бошотушат.

Кызын көргөн хан абдан сүйүнүп, убадасына туруп абышка менен кемпирге аттын башындай алтын берет.

Абышка менен кемпир көп мал сатып алышат, үйлөрүн оңдоп, байып калышат. Ал эми кыз бир атка азык-түлүк, кийим-кече жүктөп алып жез кемпирдин үйүнө келет да, ага кийимдерди кийгизип, бир боз үйдү белекке берип, анан көп күнгө жете тургандай тамак жасап берип коюп кайра келет.

Ошентип абышка менен кемпир, кызы болуп жыргап куунап жашап калышыптыр. Кыз жез кемпир берген күзгүнү жоготпой катып алыптыр. Жез кемпир берген кыздын күзгүсү ата-энесинин тилин албай жоголуп кеткен тентек балдарды жана кыздарды тапканга чоң кереги тийиптир.

# КЫЗЫЛ ТОПУЧАН КЫЗ

Илгери-илгери апасынын тилин алган, элпек бир жакшы кыз болуптур. Ал кыз башына дайыма кызыл топусун түшүрбөй кийип жүрчү экен. Ошол себептен ал кызды айылдагылар “кызыл топучан кыз” деп атап коюшуптур.

Бир күнү кыздын апасы май токоч жасайт да, токойдун наркы башында жашаган таенесине "май токоч жеткирип кел" деп жумшайт. Кыз апасынын айтканына макул болуп, май токочту алып таенесинин үйүнө жөнөйт.

Кыз жолду кыскартып, токойдун ичи менен бара жатса, алдынан ач карышкыр чыгат. Кыз карышкырды көргөндө коркуп кетет. Бирок качып кете албасын билип, токтоп калат. Карышкыр кызды коркутуп албас үчүн жылмайып учурашат:



- Кызыл топучан кыз, кандайсың? - дейт. Кыз башын ийкеп:

- Жакшы, - деп жооп берет. Карышкыр кызды дагы чочутуп албастын амалы кылып:

- Кайда шашып бара жатасың?

Кыз эми коркпой жооп берет:

- Токойдун нары жагында жашаган таенемдин үйүнө май токоч алып баратам,- деп жооп берет. Карышкыр кыздын сөзүн угуп, ойлоно калат да, дагы жай үн менен:

- Макул, анда жакшы бар - деп кызды узата карап калат. Качан  кыз узап кеткенде, бактарды аралап чуркап алдыга барып, кыздын таенесинин үйүнө кыздан мурда жетип, үйгө кирет да, кыздын



таенесин керебеттин алдына жашырып коюп, анын ордуна өзү жатып алат. Кыз келип эшикти чертсе, карышкыр үнүн жай чыгарып:

- Кире бер, эшик ачык! -дейт. Кыз кирип келип керебетте жаткан карышкырды көрүп чочуп кетип кыйкырып жиберет. Ошол кезде үйдүн жанында өтүп бара жаткан эки мергенчи кыздын үнүн угуп үйгө кирип келишет да, карышкырды мылтык менен атып, жарадар кылышат. Анан жарадар болгон карышкырды төрт шыйрагынан жип менен таңып, көтөрүп кетишет.

Кыз менен таенеси, ач карышкырдан кутулгандарына сүйүнүп, чай коюп, май токоч менен чай ичишкен соң, ал үйдөн көчүп айылга келишкен экен.

Ал эми жарадар болгон карышкырды эки мергенчи зоопаркка өткөзүп беришет. Эки мергенчи карышкырды тирүү кармаганы үчүн жана кыз менен таенесин карышкырдан куткарып калышканы үчүн сыйланышат. Колго түшкөн ошол карышкыр кызыл топучан кызга жана таенесине бекер кол салганына өкүнүп, зоопаркта камалып, эч жакка чыга албай көп жыл жатыптыр.



# АЮУ МЕНЕН КОЁН

Илгери-илгери токойдо аюу менен коён кошуна жашап турушуптур. Аюу жайлата кышка катуу даярдык көрүп карагат, козу карын жана башка жер жемиштерди чогултуп жаны жай албай эмгек кылат. Ал эми коён - коркок анан жалкоо болгон үчүн кышка даярдык көрбөй эптеп курсагын тойгузганга ыраазы болуп, жайды өткөрөт.

Убакыт өтүп кыш келет. Кыш келгенде аюу жайлата чогулткан тамак - ашын жеп, жылуу үйүндө жатса эшик кагылат. Аюу эшикти ачса коён салам айтат:

- Салам, аюу дос, кандайсың? - дейт. Аюу коёнду көрүп сүйүнүп кетет да:



- Кел коён дос, ичкери кир, суукту үйгө киргизбей - деп коёнду үйүнө киргизип, жакшылап конок кылат. Коён, аюунун сыйына ыраазы болуп, курсагы тойгондо үйүнө келет да, уктап калат. Эртең менен турса курсагы кайра ачып калган болот. Эми эмне кылсам болот? - деп, суукта курсагы ачып, тамакты кайдан таап жешти билбей токойду аралап бактан түшкөн жалбырактарды терип жеп жүрүп алыстан карышкырды көрүп андан араң качып кутулуп, аюунун үйүнө келет да эшигин кагат. Аюу эшикти ачканда коён:

- Аюу дос, мени карышкырдан куткарып кал, артымдан кубалап келе жатат! -деп чыйпылыктап жиберет. Чын эле карышкыр коёндун изине түшүп кубалап келе жаткан болучу. Аюу коёнду үйүнө киргизип, дагы курсагын тогузуп:

- Сен эми мында эле кал, сени сыртта карышкыр күтүп жатса керек, - дейт. Коён бул сөздү укканда сүйүнүп кетип, аюунун үйүнө түнөп калат.

Ал эми карышкыр таң атканга чейин коёнду күтүп жатып үшүп кеткенде гана ал жерден кетүүгө туура келет.

Эртеси коён аюуну сөзгө тартып кыштата аюу менен бирге жашоону сунуш кылат. Аюу, коёндун сунушуна макул болуп, экөө бирге жашап калат. Ал эми карышкыр күндө бир маал келип аюунун үйүн аңдыйт “коён чыкса жейин” деп. Бирок коён чыкпай аюунун жылуу үйүндө кыштап чыгат. Жаз келип күн жылыганда гана коён өзүнүн үйүнө кетет.

Бирок аюу менен коён экөөнүн достугу сакталып калат да, бири-бири менен азыр дагы ынтымакта жашап калышыптыр.

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗААЫ
Инв. № 874

# ХАНДЫН УУЛУ ЖАНА АКЫЛДУУ КЫЗ

Илгери өткөн заманда бир абышканын жалгыз кызы болуптур. Кыз алтыга чыкканда апасы токойго барып жер-жемиш терип жүрүп адашып, жол таппай токойдон жоголуп кетип келбей калат. Арадан эки жыл өткөндө, кыздын атасы башка аял алат. Алган аялы эки кызын ээрчите келет.

Атасы аял алгандан баштап, кыздын өгөй энеси кызга күн көрсөтпөй кыйнай баштайт. Тиги аял өзүнүн эки кызы уктап жатса, абышканын кызын таң эрте тургузуп от жактырат, кышында эки чаканы колуна берип сууга жиберет. Ал аз келгенсип токойго отун алып келгенге да жумшайт. Кыз барына макул болуп иштен колу бошобой жүрүп бойго жетет.

Бир күнү кыз түн ортосунда өзүнө жүндөн байпак түйүп олтурса полдун тешигинен чычкан чыгып, кызга кайрылат:

- Эй, сулуу кыз, түн ортосунда эмне иш кылып олтурасың?- деп. Кыз байпак түйүп жатканын айтат. Чычкан кызга боору ооруп:

- Эй, кыз, сен, мага тамак берсең, эртең менен болгонго чейин байпагың даяр болуп калат. Азыр сен барып уктай бер, - деп айтат. Кыз чычканга тамак берип коюп уктап калса, чын эле эртең менен байпак түйүлүп даяр болуп калган болот. Кыз байпакты кийип буту үшүбөй калат.

Ошентип кыз, чычкан менен дос болуп калат да, бир күнү түнгө чейин иш кылган кыз, ага болгон





арманын айтып берет. Апасы жоголуп кеткенин да айтат. Чычкан кыздын арманын угуп:

- Мен, сага жаз келгенде апаңды таап берем, - дейт. Кыз чычканга ыраазы болуп жаздын келишин күтүп жүргөн кезде, хандын баласы үйлөнүү үчүн кыз тандамай болуп туш тарапка жарыя айттырат.

Хандын баласынын үйүнө кыздын өгөй энесинин эки кызы жакшы көйнөктөрүн кийип, апасын ээрчип жөнөп калышат. Кыз аларды тойго узатып, абдан капа болуп үйүндө калып ыйлап олтурса чыч-

кан досу:

- Сага эмне болду?- дейт. Кыз көйнөгү жок хандын баласынын тоюна барбай калганы айтат. Чычкан кызга дагы боору ооруп:

- Мен сага жардам берем, бирок сен тиги өгөй энеңдерге көрүнбөй үйгө биринчи келип калгандай бол, - деп, кыздын колуна шакек салат. Шакекти колуна салганда кыздын боюна жарашкан абдан кооз көйнөк даяр болот. Анан чычкан өзү келишкен атка айланат. Кыз атты минип алып хандын үйүнө барса, той жаңы гана башталган болот. Кыздын кечигип келгенин эч ким байкабайт. Бир кезде хандын баласы табышмак айтат:

- Кимде ким менин айткан табышмагымды тапса, мен ошол кызга үйлөнөм, - дейт. Бул сөздү укканда залдагы элдин баары кулак түрүп калат. Хандын баласы үч табышмак айтат бирок, ал айткан табышмакты эч ким таппайт. Ошол кезде чычкан келип акырын кыздын көйнөгүнүн алдына кирип, кызга шыбырайт.

Кыз хандын баласынын айткан табышмагынын жандырмагын айтса, хандын баласы кызды көрүп таң калып калат. Анткени ал кызды буга чейин байкаган эмес болучу. Ошол жерден кызга үйлөнөм деп чыгат. Аңгыча чычкан кызга дагы шыбырайт. “Тез кетиш керек” деп. Кыз, баланын колунан акырын бошонуп чыгат да, сырткa чыгып качып кетет. Хандын баласы кыздын артынан чыгып таппай калып, жигиттерине айтат “Кызды таап келгиле” деп. Кыз үйүнө келип өзүнүн ордуна уктамыш болуп жатып калган болот. Аңгыча өгөй энеси, эки кызы менен келип кызды ойготуп “тамак даярда” деп буйрук

беришет. Кыз тамак даярдап берип, алардын сөзүн угат. Кыздардын энеси:

- Алиги хандын баласына жагып калган кыздын көйнөгү абдан жакшы экен - десе, улуу кызы апасын коштоп:

- Ал кыздын өзү дагы сулуу кыз экен, бирок ал сыйкырчыдай тез эле жок болуп кетти.

Тамак ичип болгончо үчөө көргөндөрүн айтышат да, анан жатып алышат. Кыз байкуш идиштерди жууп, үйдү жыйнап, таңга жуук гана уйкуга баш коёт.

Эртеси хандын баласы болгон айылды кыдырып кызды издейт. Бирок таппайт. Ал турсун кыз жашаган үйгө келгенде өгөй энеси кызды көрсөтпөй ички үйгө катып койгон болот да, ага эки кызын көрсөтөт. Хандын уулу тиги аялдын эки кызын жактырбай, ички үйдү улам-улам карап:

- Ал кыз бул эки кыздай эмес болучу - деп, кетип калат. Түн ортосунда кыз, чычкан досун чакырып алып ага кайрылат:

- Эми мен эмне кылсам болот? - деп. Чычкан кызга айтат:

- Шашпа, хандын уулу, кыздарды дагы тойго чакырат. Ошондо сен атаңа айтып, атаң менен баргандай бол. Ошол жерден сен жоголуп кеткен апаңа дагы жолугасың, - дейт. Кыз абдан сүйүнүп, тынчы кетип хандын уулунун тойго чакырышын күтөт. Арадан эки күн өткөндө кыздын өгөй энеси адаттагыдай эле эки кызын ээрчитип тойго кетет. Кыз дагы үйдө жалгыз калат. Аңгыча атасы атын минип алыстан келип калат.

Кыз атасына болгон ишти түшүндүрүп айтып бе-

рип, тойго барып келели деп сунуш айтат. Атасы кыздын өгөй энесине капа болуп, атына арабаны чегип, кызын алып тойго жөнөйт. Тойго келишсе хандын баласы кыздарды бирден карап өзүнө жаккан кызды издеп жаткан болот. Сырттан кыз менен атасы кирип келгенде хандын уулу кызды көрө коюп, алдынан тозуп чыгып, кызга колун сунат. Кыз хандын баласынын колунан кармап, тойго келген элди аралап басат. Аңгыча эле бери жакта тамак жасап жүргөн аял, кызы менен абышкасын таанып, чуркап келип кызын кучактап калат. Ошол жерден хандын уулу кызга үйлөнүп, атасы менен апасына жаңы үй куруп берет. Кыздын өгөй энеси менен кыздары бул окуяны көрүп, үйдөгү өздөрү жумшап алган кыз ушундай сулуу кыз экенине абдан таң калып калышат.

Көрсө кыздын апасы токойдо адашып жүргөндө, бейтааныш кишилерге жолугуп калып алар өздөрү менен алып кетип калган болот. Анан ал жактан качып чыга албай үйүн сагынып жүргөндө, хандын уулуна жолугуп калат да андан өтүнөт:

- Мени өзүң менен бирге алып кетчи. Сага ак кызматымды кылам деп. Хандын уулу макул болуп аз убакыт илгери эле башка жактан кыздын апасын алып келип, аны тамак жасаган ишке орноштуруп койгон болот. Ошол аял эми минтип кайын энеси болуп калганына таң калып калат.

Ал эми кыздын өгөй энеси, эки кызы менен айылга батпай башка жакка көчүп кетип кутулат. Кыз, өзүнүн чыдамкайлыгы, акылдуугулу менен хандын уулуна турмушка чыгып жыргап - куунап атасы менен апасына жардам берип жашап калыптыр.

# ЭШЕК, ИТ, МЫШЫК ЖАНА КОРОЗ

Илгери-илгери бир абышка менен кемпирдин эшеги, ити, мышыгы анан корозу болгон экен. Алар токойдун четинде жашап, абышка дайыма эшегин минип алып токойдон отун алып келчү экен. Ал эми



ити ээрчип алып токойго барып ары чуркап, бери чуркап ойноп кечинде кайра абышка менен эшекти ээрчип үйүнө келген адатка айланат. Мышык менен короз үйдө калып, кемпирге караан болот.

Бир күнү түн ортосунда ит үрөт. Короодо байланып турган эшек итке айтат:

- Сен эмнеге уйкуну бузуп үрүп жатасың?- деп. Ит үргөнүн токтотуп:

- Сен эмне көргөн жоксуңбу? Токой жактан карышкыр келе жатканын.

Эшек карышкырдан катуу корккондуктан денеси калтырап, болгон үнү менен кыйкырып ийет. Эшектин үнүн уккан мышык уйкудан ойгонуп:

- Эшек сага эмне болду? - дейт. Эшек мышыкка кайрылат:

- Токой жактан карышкыр келе жатат, сен корозго айт, короз кыйкырсын. Ал кыйкырганда абышка уйкудан ойгонот.

Чын эле эртең менен короздун үнүн угуп абышка уйкудан ойгончу. Мышык, корозду уйкудан ойготуп айтат:

- Короз, карышкыр келе жатат. Сен кыйкырсаң абышка ойгонот. Болбосо азыр эшек экөөңөрдү карышкыр жеп кетет. Короз бул сөздү укканда корконунан үнүн катуу чыгарып кыйкырып жиберет. Короздун үнүн уккан абышка уйкудан ойгонуп, сыртка чыгат. Аңгыча ит жан алы калбай үрүп жатканынан шектенип үйгө кайра кирип, мылтыгын алып чыгат да, токой жактан келе жаткан карышкырды көрө калып, жашына калат. Качан карышкыр жакын келгенде, абышка мылтыгы менен карышкырды атып жиберет. Ок тийип жара-



дар болгон карышкыр кайра токойду көздөй качып жөнөйт. Бирок көп алыс барбай бир жерге келип жыгылып калат. Ок тийип ооруп жаткан карышкырдын жанына түлкү келип:

- Карышкыр сен эмнеге абышканын үйүнө бардың? Абышканын ити, мышыгы, эшеги анан корозу абдан ынтымактуу. Мен дагы бир кезде алардын үйүнө корозун жегени барып, араң качып кутулгам. Сен короз кыйкырганда эле кайра артка тартсаң болмок. Ит үргөндө абышка ойгонбойт, эшек кыйкырганда дагы. Бир гана короз кыйкырганда

абышка ойгонот. Мен, сени көргөм, абышканын үйүнө бара жатканыңды. Сен короз кыйкырганын укканда эле кайра артка тартсаң болмок.

Карышкыр ачууланып, ок тийген жерин тиштегилеп:

- Сен ошондо эле айтып койсоң болмок да.

Түлкү күлүп:

- Мен алыс жакта болчумун. Сен баары бир менин сөзүмдү укмак эмес болчусуң. Азыр дагы укпайсың. Уккуң келсе бул жерден кетип кал. Абышка эртең ушул жерден отунга өтөт. Сени көрүп калса, териңди тетири сыйрыйт.

Карышкыр, түлкүнүн айткан сөзүн укпай ошол жерден жылбай жатып алат.

Эртеси абышка эшегин минип, итин ээрчитип отунга келе жатып, жолдон карышкырдын жерге тамган канын көрөт да, итин карайт. Ит канды жыттап, жакын жерде жаткан карышкырды, абышкага көргөзөт. Абышка колундагы балтасы менен уктап жаткан карышкырды башка чаап өлтүрүп, терисин тетири сыйрып үйүнө алып келет. Кемпири, карышкырдын терисинен абышкасына ичик жасап берет. Ошондон кийин абышканын ынтымактуу төрт жаныбарынан коркуп үйүнө жырткыч жаныбарлар келбей калышкан экен.

# КУШ МЕНЕН ДОС БОЛГОН КЫЗ

Илгери өткөн заманда абышка менен кемпирдин үч кызы болуптур. Абышка отун терип келип базарга барып сатып үй бүлөөсүн бакчу экен. Бир күнү абышка үч кызына айтат:

- Кыздарым, силерге базардан эмне алып келип берейин? - деп. Абышканын улуу кызы айтат:

- Мага базардан өтүк алып келип бериңиз, - дейт. Ортончу кызы айтат:

- Мага базардан көйнөк алып келип бериңиз.

Кичүү кызы:



- Ата, мага күзгү алып келип бериңиз, - деп өтүнөт. Абышка үч кызынын айткандарын алып келип берет.

Бир күнү кичүү кызы күзгүсү менен ойноп олтурса, бактын башына бир куш келип конот да кызга кайрылат:

- Эй, кыз, сен мага жардам берчи. Тиги жакта менин досумдун канатына ок тийип уча албай жерде жатат, курсагы да ачты.

Кыз куштун айтканын угуп анын артынан басат. Чын эле чоң бактын түбүндө куштун досу жерде жатканын көрүп, ага жакын келет да, алгач канатына тийген жаанын огун сууруп алат, анан жаратына бака жалбырактан таңып, андан соң куштун курсагын тойгузуп тамак берет да, аны бактын бутагына чыгарып эч ким көрбөгөндөй кылып жашырып коёт. Куш курсагы тоюп, ооруган жери басылганга катуу уктап калат.

Эртеси кыз кайра келип куштун жарадар болгон канатын жаңыртып таңат да, дагы курсагын тойгузуп коёт. Арадан беш күн өткөндөн кийин куш айыгып өзү учканга жарап калат. Кыз кушка колунан келген жардамын берип учуруп жиберген соң, күзгүсүн карап олтуруп жанынан өтүп бара жаткан кумурсканы көрүп калат да, аны уюгуна жеткирип коёт. Кумурска ыракматын айтып, мурутунан бир кылын үзүп берип:

- Керек болуп калсам ушуну күйгүзсөң мен даяр болом - деп, уюгуна кирип кетет. Кыз кумурсканын берген кылын катып алат.

Бир күнү кыздын атасы кабагы бүркөө келет. Кыз атасынан сураса атасы:

- Хандын казынасына уурулар кирип алтындарын уурдап кетиптир, “таап бербесеңер жаныңарды тим койбойм, болгон ишиңерди токтотуп казынаны издегиле” деп жатат. Эртеңден баштап мен казынаны уурдаган ууруларды табуу үчүн жол кесип кетишим керек. Мен кеткенде силерди ким тамак таап келип багат, - деп катуу капа болот. Ошондо кыз кумурсканын берген кылын күйгүзөт. Кумурска ошол замат даяр болот да:



- Эй, бооркер кыз сага эмне болду? - деп сурайт. Кыз болгон окуяны айтып бергенде кумурска айтат:

- Хандын казынасынан алтындарды анын кырк жигити уурдаган, бирок алар кайда катканын билбейм. Аны сен жардам берген куш билет дейт. Кыз ошол замат куштун берген канатын күйгүзөт. Куш дагы дароо учуп келип кыздан сурайт:

- Сага эмне болду? - деп. Кыз болгон окуяны шашпай айтып берет. Куш кыздын сөзүн угуп, хандын алтындары кайда катылганы тууралуу айтып, кызга катуу эскертет:

- Мени айтты деп эч кимге айтпа. Эгер менин айтканымды билип калышса, хандын кырк жигити мени мылтык менен атып салышы толук мүмкүн. Кыз башын ийкеп макулдугун берип, кушка ыракматын айтып узаткан соң, анан атасына келип алтындар кайда катылганын айтат. Абышка, кызы айткан жерге келип алтындарды таап, анан ханга келет. Хан абышканын айтуусу боюнча алтындарын тапкан соң, абышкага аттын башындай алтын берет. Абышка менен кемпир чоң үй салып, мал сатып алышат, жашоо шарттарын оңдоп жыргап куунап жашап калышат.

Ал эми кыз, куш менен болгон достугун сактап, аны менен жолугуп бири-бирине жардамдарын берип түбөлүккө дос болуп калышыптыр.

Абышканын эки улуу кызы турмушка чыгып кетип, атасы менен апасына караан болуп кичүү кызы калат. Кыз куш досунан болгон жан-жаныбарлардын тилин үйрөнүп, көп жетишкендиктерге жетип жыргап- куунап жашап калыптыр.

# КУУ ТҮЛКҮ

Илгери токойдо бир куу түлкү жашаган экен. Ал түлкү абдан алдамчы анан сак болгон үчүн аны болгон жаныбарлар “куу түлкү” деп атап коюшчу экен.

Бир күнү куу түлкү, абышка менен кемпирдин үйүнө келет да, бир корозун жеп кетет. Эртең менен турганда абышка, корозун таппай калат.

Тоокананын жанын акырын караса түлкүнүн изи калган болот. Бул түлкүгө ушуну менен беш тоогун алдырганына ыза болгон абышка анын келе турган жолуна капкан салып, ал жерге бир кесип эт коюп коёт.

Түлкү кечке уктап жатат да, кечинде кайра абышканын үйүнө келе жатып капканды көрүп калат да, аны айланып өтүп карышкырга келет. Карышкыр курсагы ачка жаткан болот. Түлкү, карышкырга



келип эле:

- Ой, карышкыр дос, сага эмне болду? - дейт. Карышкыр капа болуп:

- Түлкү дос, курсагым ачты, бир нерсе тапсаң боло? Түлкү ушул эле сөздү уга албай турган белем дароо:

- Карышкыр, сага мен абышканын үйүнө бара жаткан жолго бир кесим эт таштап койгом, аны эмдигиче жей элек белең? Бар, тез барып этти же, болбосо башка бирөөлөр жеп кетет - дейт.

Карышкыр жаткан ордунан атып туруп эле:

- Түлкү дос, сага ыракмат, мен жөнөдүм, - деп, түлкү айткан жерге келсе чын эле бир кесим эт жаткан болот. Эч нерсени байкабаган карышкыр этти алып жейм деп жакын келип бир кесим этке жаңы гана оозу жеткенде буту капканга түшүп калат. Түлкүнүн бул жоругуна ыза болгон карышкыр, капканга түшкөн бутун тиши менен кырчып тиштеп, капкандан бошонуп чыгат да, түлкүнү издеп жөнөйт. Түлкү карышкырды алдаган соң, токойдун чытырман жерине келип жашынып жатып алган болот. Карышкыр, түлкүнү издеп таппаган соң, абышканын үйүнө бара турган жолдун жээгине жашынып жатып түлкүнү күтөт. Арадан эки күн өткөн соң түлкүнүн курсагы ачып, дагы абышканын үйүнө келе жатканда аңдып жаткан карышкырга кармалып калат. Түлкү карышкырды дагы бир жолу алдап кутулуп кетүү үчүн жан үрөп калпты айта баштаганда, бери жакта жашынын күтүп жаткан абышка мылтыгы менен түлкүнү атып жиберет. Түлкүгө ок тийип, карышкыр ал жерден качып кутулат. Ал эми куу түлкү катуу жарат алып,

бир орундан жыла албай жатканда абышка келип түлкүнү мылтыктын кундагы менен башка чаап өлтүрүп, терисин тетири сыйрып, кемпирине ичик тиктирип берген экен. Ошентип, куу түлкү өзүнүн алдамчылыгынын айынан колго түшүп, аягы мына ушинтип бүтүптүр.

# ЧАБАЛЕКЕЙ МЕНЕН КЫЗ

Илгери өткөн заманда бир боорукер кыз жашаган экен. Ал кыздын аты Акылкарачач болуптур. Акылкарачач канатуулар менен дос болуп, аларга колунан келген жардамын берип, болгон канатууларга дайыма жем чачып багып жүрөт.

Күндөрдүн бир күнү эшигинин алдында олтурса бир чабалекей учуп келип, эки жакты элеңдеп карап коркконун билгизип, кызга минтип кайрылат:

- Акылкарачач, мага жардам берчи, тиги жакта бир жылан менин уяма чыгып бара жатат, уямдагы жумурткаларымды жеп салат, бол тез ылдамда - дейт. Кыз колуна чыбыкты алат да, чабалекейдин артынан чуркап жөнөйт. Чоң бакка жакындаганда, жылан бакка оролуп өйдөнү көздөй чыгып, чабалекейдин уясына жеткени калган болот. Акылкарачач бакка жакын келип колундагы чыбык менен жыланды куйрукка чаап жиберет.

Жаңы гана чабалекейдин уясына жетип жумуртканы жегени жаткан жыландын куйругу ооруп жерге кулап түшөт. Кыз жыланды баштыкка салат да, суунун аркы өйүзүнө алып барып жерге көмүп



салып, кайра үйүнө келет. Чабалекей кызга абдан ыраазы болуп, учуп келип ийнине конуп:

- Акылкарачач, мен, сенин бул жакшылыгыңды эч качан унутпайм, - дейт. Арадан бир канча күн убакыт өткөндө чабалекей жумурткасынан эки балапан чыгарат. Эки балапаны чоңойгонго чейин Акылкарачач жем берип балапандардын өсүшүнө жардам берет. Күз келгенде чабалекей эки балапанын учуруп жылуу жакка учуп кетет. Кыз колун булгалап узатып калат.

Акылкарачач кеч күздө көлдүн жээгине келсе, бир чабалекейдин канаты сынып, жарадар болуп алы жок жатканын көрүп аны үйүнө алып келет да, мештин жанына жаткырып коюп, сынган канатын дарылап, кыштата үйүнөн чыгарбай багат. Качан күн жылып жаз келгенде учуруп жиберет.

Чабалекей, Акылкарачачка каякадыр бир жакка учуп барып, алтын шакек алып келип берет. Алтын шакекти көргөн кыз чабалекейдин бул белегине ыраазы болуп, шакекти катып коёт.

Көрсө шакек хандын кызынын шакеги болот. Хандын кызынын шакегин сагызган уурдап кетип уясына сактап жүргөнүн, анын уясынан чабалекей көрүп калган болучу. Ошол себептен досу Акылкарачачка алып келип берген. Хандын кызынын шакегин үйүнө алып барып берсе, хандын кызы Акылкарачачка ыраазы болуп экөө ошондон кийин дос болуп калышкан экен.

# КУЙРУГУ ҮЗҮЛГӨН ТҮЛКҮ

Илгери - илгери карышкыр менен түлкү дос болуп, токойдо бирге жашашчу экен. Карышкыр курсагын тойгузуп өзүнүн күнүн өткөрүп жүрсө, түлкү бир жерге турбай эки-үч күн жоголуп кетип, кайра келип карышкыр досуна көргөн билгендерин айтып берип турат. Кээде апыртып калпты-чынды аралаштырып айтканда, карышкыр акыркы кездерде ага ишенбей да калат.

Бир күнү кыштын суук күндөрүндө токойдун четинде жашаган абышка токойго келип ичигин чечип коюп отун кыйып жатканда, түлкү анын ичигин уурдап кетет да, жонуна кийип алып карышкыр досуна келет. Суукта курсагы ачып, үшүгөн карышкыр, түлкү досун көрүп таң калып калат. Анан кызыгуусу арта:

- Түлкү дос, сен суукта алдагы жонуңдагы жылуу ичикти кайдан таптың? - дейт. Түлкү бул жерден дагы каратып туруп калпты айтат:

- Сен эмне, мени эч иш кыла албайт деп ойлойсуңбу? Ичикти мен өзүм тигип алдым, анын эмнеси бар экен? Эгер керек болсо сага дагы тигип бере алам, бирок мага беш койдун терисин алып келип беришиң керек. Бирок мага койлорду тирүү алып келип бергендей бол. Анткени койдун терисин жылуулай сыйрып алам да, анан ичик тигем, - деп карышкырды ишендирет. Карышкыр макул болуп түлкүгө беш кой алып келип берет.



Бирок түлкү койлордун терсинен ичик тикпей эле өзү жейт да, терилерин бир жерге ката берет. Карышкыр бир күнү:



- Түлкү дос, ичикти качан тигип болосуң?- деп сурайт. Түлкү эч кебелбей:

- Тигип бүтө элекмин, даяр болгондо өзүм айтам деп, күндө катып койгон жеринен койлордун этин жеп, жыргап жашап жүрө берет. Кыш ортолоп калган кезде үшүгөн карышкыр дагы келет:

- Түлкү дос, ичигимди бергин! - деп. Түлкү карышкырдан коркуп кетет да, айла амал ойлоп, абышканын ичигин карматып:

- Азырынча сен бул ичикти кийип тура тур, сенин ичигиң даяр болгондо өзүм жеткерип берем дейт. Карышкыр дагы алданып, абышканын ичигин кийип кетет.

Арадан дагы бир топ убакыт өтөт. Түлкү жаңы

ичикти алып келбейт. Аңгыча жаз да келет. Карышкыр күтө берип тажаганда ичикти сурабай да калат. Түлкү болсо кыштан аман чыкканына сүйүнүп, карышкырга көрүнбөй андан качып жүрө берет.

Бир күнү карышкыр түлкүнүн жашаган жерине келсе, баягы өзү алып келген койлордун териси тытылып жатканын көрүп, түлкүгө дагы алданганын билип, аны аңдып жатат. Алдамчы түлкү карышкыр өзүн аңдып жатканын көрүп калат да, ал аймакты таштап токойдун башка жагына кетип калат. Карышкыр түлкүнү таппай убара болуп, акыркы кездерде аны издебей да калат.

Ошентип убакыт өтүп кайра кыш келет. Карышкыр, түлкү берген ичикти кийип, курсагын тойгузуп өзүнүн уясында жатса, курсагы ачкан түлкү өзү келет:

- Карышкыр дос, кандайсың? - деп. Карышкыр, түлкүнү көрүп таң калып калат да, андан сурайт:

- Сен кайда жүрдүң?

- Эмне сен уккан жок белең? Абышка келип койлорунун терисинен жасалган терини көрүп калып, мени мылтык менен атып жарадар кылды. Анан сага арнап тигип жаткан ичикти тытып салган. Мен андан араң качып кутулгам. Эми минтип октон алган жаратым айыкканда, кайра сага келбедимби - деп, дагы куулугун карматканда карышкыр түлкүнүн дагы алдап жатканын билип, атырылып келип тиштегенде түлкүнүн куйругу тишинде калат да, куйругу үзүлгөн түлкү качып кутулуп кетет.

Ошондон кийин карышкыр менен түлкү дос болбой, бири-бири менен кас болуп калган экен.

# КИЧИНЕКЕЙ ЧАБАН

Илгери бир кедей киши, сараң байдын коюн кайтарып күн өткөрчү экен. Ал киши тоодон түшпөй күндө кой артынан жүрүп үй бүлөөсүн багып, эптеп жанын багып жүргөн болот. Анын бир баласы анан үч кызы болуптур.

Бир күнү ал киши күндөгүдөй эле коюн тоонун башында кайтарып жүрсө, аба ырайы бузулуп, айлананы туман каптап, кайтарып жүргөн койлорун жоготуп жиберет. Койлорун эмес, тиги киши үйүн дагы таба албай бир коктунун ичине келип, чоң бактын түбүндө көпкө олтурат. Бир кезде күн ачылып туман тарайт. Койчу киши эми гана койлорун издегенге аракет кылат. Бирок күн кеч кирип кетип дагы койлорун таба албай калат. Ал турсун үйүнө да абдан кеч келет. Келсе үйүндө баласы да жок болуп, аялы менен үч кызы баланы издеп таппай алар дагы чарчап араң келген болушат. Кой баккан киши капа болуп эч сөзгө келбей жатып алат.

Эртең менен сараң байга көрүнбөй баласын анан койлорун издеп чыкса, жалгыз баласы бир үңкүргө койлорду айдап кирип, кол салган карышкырлардан сактап калган болот. Таң атканга чейин кой-



лорду сыртка чыгарбай кайтарып олтуруп уктабай да чыгат.

Баласын анан койлорун тапкан, тиги киши абдан сүйүнүп баласынын эрдигине таң калат. Анткени бала үңкүргө жакын келген карышкырды таш менен башка чаап чала жан кылган болот. Атасы жарадар болгон карышкырды таяк менен чаап өлтүрүп терисин тетири сыйрып, койлорду айдап үйүнө келет. Келип карышкырдын терисин базарга алып чыгып сатат да, саткан акчага мылтык сатып алат.

Бир күнү бала атасынын мылтыгын алып тоого чыгып аюу атат. Анан атасы кечинде койлорду айдап келгенде айтат:

- Ата, мен бүгүн тоодон аюу атып алдым, анын терисин дагы сыйрып базарга сатпайсызбы? - десе, атасы таң калып:

- Кантип коркпой атып алганга жетиштиң? Сен эмес мен аюуга жакын бара албайм.

Бала болгон окуяны айтып берет:

- Аюу мени көрбөй эле мага жакындап келе берди. Качан мага жакын келип калганда, аюуну мылтык менен башка атып жиберсем аюу он кадамдай басып барып жыгылып калды. Анан мен ал жерден кетип калдым. Баланын атасы бул сөздөрдү укканда баласынын эрдигине баа берип, ойлонуп анан баласына айтты:

- Балам, сак бол, эгер мылтык атылбай калса эмне болмок эле? Сен азыр жашсың, деги сак бол! - деп өз оюн айтты да, баласынын башынан сылап койду. Эртең менен койлорду балага дайындап коюп, аюунун терисин сыйрып, дагы базарга алып барып сатып, ал акчага бир ат сатып алды. Эми өзүнө жак-

шы болду. Анткени койлорду ат менен кайтарып, жыргап эле калды. Бирок сараң байдан кантип кутулуп кетүүгө амал таппай жүргөндө, дагы баласы кеңеш айтты:

- Ата, мен койлорду кайтарып турам, сиз атка болгон жүктү жүктөп, башка жакка көчүрүңүз. Анан байга коюн тапшырып берип кетип калабыз. Атасы бул сунушка макул болуп, башка жакка алгач үйүн анан үй-бүлөсүн көчүрүп, баласынын айтуусу менен кеч кирген кезде байдын үйүнө койлорду айдап келип анан түнү менен кетип калып сараң байдан кутулуп, эркин жыргап куунап жашап жатып калышкан экен.

# ЫСЫК-КӨЛ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Илгери-илгери өткөн заманда азыркы Ысык-Көл турган жерде чоң шаар болгон экен. Ал шаарда көптөгөн улуттун элдери жашап, шаар күндөн-күнгө өсүп, убакыт өткөн сайын элдин саны көбөйүп бара жатканда, душмандар кол салып катуу жаңжал болот. Шаардын кооздугуна кызыккан душмандар катуу даярдык менен келишип шаарда жашаган элге кол салып, шаарды басып алуунун амалын кылышкан. Бирок ал тилектери ишке ашпай калат. Анткени, ал жерде жашаган элдердин арасында бир абышка менен кемпирдин Мады деген жалгыз баласы баатыр чыгып, келген душмандардын ташын талкан кылып, ал жерден кууп чыгат. Мады өзү жаш болсо дагы акылдуу анан кайраттуу баатыр бо-



лот.

Ал өз күнүн көргөн абышка менен кемпирдин жалгыз баласы болгону үчүн, атасы менен апасына жардам берип, ар кандай иштерди жасап жүрүп күчтүү болуп өсөт.

Анын баатыр экенин эч ким деле биле бербейт. Качан келген душмандарды шаардан кууп чыгып, эрдик көрсөткөндөн кийин элге таанылат.

Мады эмгекчил, тил алчаак анан колунан көөрү төгүлгөн уста, аба ырайы кандай боло турганын билген баамчыл болгон үчүн, көптөгөн жетишкендиктерге жетет.

Ал эч кимге билгизбей өзүнө кылыч жасап алган. Ошол кылычы менен жоого аттанып “мен кыйын” деген душмандын баатырларын аттан түшүрө чабат.

Бир күнү Мады баатыр батыш жактагы булуттарды көпкө карап туруп, абдан капа болуп, шаардын элин чогултуп алып анан айтат:

- Эл - журт, биз бул жерден көчүп орун которушубуз керек. Анткени аз күндө катуу жамгыр жаап, биз жашаган шаарды суу каптап, шаар суунун ал-

дында калат. Азыр менин тилимди алгыла! - десе, эч ким анын тилин албай коёт. Мады баатыр ата-энесин алып тоо этектеп көчүп кетет. Мадынын тилин алгандар да көчүшөт. Ал эми тилин албагандар жаз келип, күн жылыган кезде катуу жамгыр жаап, коктулардын арасынан агып келген селге туруштук бере албай, суунун алдында калышат. Ошентип шаарды алеки сааттын ичинде суу каптап калат. Азыр дагы көлдүн алдында шаар болгону байкалат. Бир кезде суунун алдында эл жашаган үчүн Ысык-Көл ыйык көл. Көлдү булгабай, сыйынып, таза сакташ керек. Анткени Ысык-Көл дүйнөдөгү көлдөрдүн эң ыйыгы. Көлдү сыйлап, ага жакшы мамиле жасаган ар бир адам баласынын милдети.

# ПИЛ МЕНЕН ЧЫЧКАН

Илгери бир токойдун четинен пил менен чычкан жолугуп калат. Пил ысыкта суу ичкени келип, суунун жээгинен чычканды көрүп:

- Эй, чычкан, сен эмне кылып жүрөсүң бул жерде, - деп пил сурап калат.

Чычкан пилдин берген суроосуна жооп бербей, кичинекей тешикке кирип кетет. Пилдин ачуусу келип чычкан кирип кеткен тешикти буту менен басканда, чычкандын ийини бузулуп, ичи топуракка толуп калат. Чычкан, пилдин бул кылыгына капа деле болбойт. Анткени нары жактагы тешиктен чыгып пилди карап турган болот. Пил чычканды көрбөйт. Бир кезде чычкан, пилге кайрылат:

- Пил, сен ал жакта эмне кылып жатасың? - деп. Пил үн чыккан жакты карап чычканды көрүп таң



калып калат да, анан кайра чычканга суроо берет:

- Чычкан, сен кантип ал жактан чыгып калдың? Мен сенин ийиниңди бузуп, сени кармай албай жатсам.

Чычкан кытылдап күлүп:

- Пил, сенин денең дардайып чоң болгону менен акылың аз турбайбы. Кел экөөбүз жарышабыз, кимибиз күлүк анан акылдуу экенибизди билиш үчүн.

Пил бул сунушка дароо макул болуп:

- Жарышса жарышалы, бирок алыс аралыкка - дейт. Чычкан макул болуп экөө катар турушат да, он чакырым жерге жарышмак болушат.

Пил чоң болгону менен эч нерсени байкабай чуркап кете берет, бирок чычканды көрбөйт. Алдыда мен бара жатам деп ойлоп, тең жолго келгенде артын караса эч ким жок. Пил эми жай чуркап келе берет. Ал эми чычкан болсо эчак эле пилдин бутуна жармашып анан үстүнө чыгып алган болучу.

Пил марага аз калган кезде жай басат. Анткени абдан чарчап калган болот. Чычкан болсо акырын

80 сом

«Буканс» басмасында даярдалды
Бишкек шаары, Орозбеков көч., 152

Басууга 21.12.2018-жылы кол коюлду. Офсеттик кагаз. Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Түстүү ыкма көлөмү 2 басма табак. Нускасы 300

**САТУУ БӨЛҮМҮ**

0700 19-86-33, 0777 19-86-19
bookans2018
e-mail: bookans@bk.ru
www.bookans.kg

9 789967 912670

